КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

## «ГЕОГРАФИЯ»

жалпы билим берүү уюмдарынын 7–12- класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Иштеп чыккандар:**

**Джунушалиева К.К.** –п.и.к., доцент, КБАнын жетектөөчү илимий кызматкери;

**Кочелева Л.В.** –№5 орто мектебинин география мугалими,  Кара-Балта шаары;

**Сүйүндүкова М. И.** –№78 орто мектебинин география мугалими, Бишкек шаары.

**Рецензенттер:**

**Сатышева Э.Ж**. – Бишкек шаардык  Билим берүү департаментинин башкы адиси

**Салпиева Д.** – И. Арабаев атындагы КМУнун кафедра башчысы

География сабагы боюнча предметтик стандарт жалпы билим берүүчү уюмдардын 7–12-класстары үчүн Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына (2023), орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) ылайык иштелип чыккан жана анын максатын, мазмунун, күтүлүүчү натыйжаларын жана баалоо усулдарын аныктайт.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде төмөнкүлөрдү белгилейт:

- өлкөдө 12 жылдык билим берүү системасына өтүүгө байланыштуу географиялык билим берүүнүн илимий жана усулдук негизделген артыкчылыктарын;
- орто билим берүүнүн 7–12-класстарында географияны окутуунун максаттары менен милдеттерин;
- мазмундук тилкелер менен предметтик компетенттүүлүктөрдүн тизмесин;
- 10–12-класстардын окуучуларынын географиялык билим жетишкендиктерин баалоонун принциптери жана стратегияларын;
- билим берүү процессин уюштурууга коюлган талаптарды.

Бул предметтик стандарт бардык билим берүү уюмдарынын түрлөрү жана билим алуучулардын категориялары үчүн милдеттүү болуп эсептелет жана сапаттуу географиялык билим алуу үчүн бирдей шарттарды камсыздайт. Ал окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплекстерди түзүүгө негиз болуп, программаларды иштеп чыгуучуларга, мугалимдерге, методисттерге жана педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттерине багытталган.

**МАЗМУНУ**

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ............................4
II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР..........................................................................9
III. МАЗМУНДУК ТИЛКЕЛЕР..........................................................................................10
IV. ГЕОГРАФИЯНЫ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯСЫ...............16
V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО............................20
VI. РЕСУРСТАР МЕНЕН КАМСЫЗДООНУН ТАЛАПТАРЫ...............................................21
VII.МОТИВАЦИЯ ЖАРАТКАН ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ..........................................................................................................22

**ТИРКЕМЕ**

КҮТҮЛГӨН БИЛИМ БЕРҮҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ……………….........................................24

# I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

География — дүйнөнү жана анын кандайча иштээрин кеңири түшүнүүгө мүмкүндүк берген предмет. 2016-жылкы Географиялык билим берүү боюнча Эл аралык хартияга ылайык: «География — Жерди, анын жаратылыш чөйрөсүн жана адамдын жашоо чөйрөсүн изилдеген илим. Ал адамдын ишмердүүлүгүн жана бул ишмердүүлүктүн жаратылыш чөйрөсү менен өз ара байланышын регионалдык жана глобалдык деңгээлде изилдөөгө мүмкүндүк берет». Ушуга байланыштуу, бүгүнкү күндө мектеп географиясы мектеп программасындагы эң маанилүү предметтердин бири болуп саналат. Ал «Табият – Адам – Чарбачылык – Айлана-чөйрө» деген бүтүндүү системаны изилдейт. Бул система географиялык билим берүү туруктуу өнүгүү менен түз байланышта экенин жана глобалдык жарандык коом менен кыйыр байланышта экенин далилдейт. Ошондуктан география сабагына туруктуу өнүгүүнү окутуу жана үйрөтүү боюнча чоң жоопкерчилик жүктөлөт. География табигый илимдердин (физика, химия, биология) жана коомдук-гуманитардык илимдердин (социология, экономика, тарых), ошондой эле математика жана информатика илимдеринин айкалышында турат. Предметтин мындай орду мектеп окуучуларына жаратылыш, социалдык жана экономикалык процесстерди динамикада түшүнүүгө шарт түзүп, дүйнөнү тереңирээк аңдап-түшүнүүгө жардам берет.

География сабагы – бул фактыларды жана түшүнүктөрдү формалдуу өздөштүрүүгө гана эмес, негизинен төмөнкүдөй көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган предмет:

- функционалдуу географиялык сабаттуулукту жана мейкиндиктик ой жүгүртүүнү;
- табият менен коомдун ортосундагы өз ара байланышты түшүнүүнү;
- географиялык билимди практикалык колдонууга үйрөнүүнү.

Ошондой эле географияны окуунун маанилүүлүгү төмөнкүдөй себептер менен түшүндүрүлөт:

- окуучуларда өз жайгашкан жери жана мейкиндик тууралуу түшүнүк калыптанат, бул аларга дүйнөдө багыт алууга жана өз ордун аныктоого жардам берет;
- дүйнөнүн ар түрдүү маданияттары жана глобалдык кризис көйгөйлөрү жөнүндө маалымдуулукту жана түшүнүүнү өнүктүрөт;
- окуучулар ар кандай көз караштарды талдоо аркылуу сыни ойломдуулукту өнүктүрүшөт;
- Жер планетасына болгон жоопкерчилик сезимди калыптандырууга жардам берет;
- сабаттуулукту, баарлашуу жөндөмдөрүн жана глобалдык маселелерди түшүнүүнү жакшыртат;
- инсандык интеллектуалдык, экологиялык, жарандык жана маданий өнүгүүгө өбөлгө түзөт.

Ушунун негизинде, жогорку класстарда география сабагы базалык жана профилдик деңгээлде окутулат. Базалык деңгээлде предметтин мазмуну, негизинен, комплекстүү географиялык жана практикага багытталган милдеттерди чечүүгө багытталат.

10–12-класстарда окуучулар өз кызыгууларына, муктаждыктарына жана жөндөмдөрүнө жараша билим берүү багытын тандоого мүмкүнчүлүк алган профилдик окутуу каралган. Төмөнкү профилдерди камтыйт:

— Табигый-математикалык,
— социалдык-гуманитардык,
— технологиялык,
— көркөм-эстетикалык ж.б.

Профилдик билим берүү **окуучунун тандоосу боюнча элективдик курстар** менен бекемделет. Географияны профилдик деңгээлде терең окутуу Жер жөнүндөгү илимдер (физика, химия, биология, астрономия ж.б.) **менен интеграцияланган предметтер аралык байланышсыз мүмкүн эмес.**

**7–12-класстарда географияны окутуу программасы** төмөнкүдөй түзүмдө жүргүзүлөт:

**7-класс** – Физикалык география;

**8-класс** –Материктердин жана океандардын географиясы;

**9-класс** –Кыргызстандын физикалык географиясы;

**10-класс** –Кыргызстандын экономикалык жана социалдык географиясы;

**11-класс** – Дүйнөнүн географиясы (жалпы бөлүм);

**12-класс** – Дүйнөнүн географиясы (регионалдык бөлүм).

**Мектепте географиялык билим берүүнүн максаты** – ар тараптуу компетенттүү, демилгелүү, активдүү жарандык позицияга ээ болгон инсандын өнүгүшүн камсыз кылуу менен географиялык маданияттын принциптерине негизденген, предметтик компетенцияларды өздөштүргөн, кырдаалды баалай алган жана өз ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын туруктуу өнүгүү көз карашынан алдын ала болжолдой алган инсанды калыптандыруу.

Бул максатка жетүү үчүн 7–9-класстарда төмөнкү милдеттерди аткаруу зарыл:

**Билим берүүчүлүк:**

— Окуучуларда дүйнөнүн географиялык картинасын — табият менен адамдын чарбалык, коомдук жана маданий ишмердүүлүгүнүн өз ара байланышын комплекстүү (жүйөлүү) талдоо аркылуу илимий дүйнө таанымдын бир бөлүгү катары — калыптандыруу;

— Заманбап географиялык мейкиндиктин ар түрдүүлүгүн ар кандай деңгээлде (локалдык, улуттук, аймактык жана глобалдык) түшүнүү жөндөмүн калыптандыруу;

— Айлана-чөйрөгө байланыштуу көйгөйлөр боюнча маалыматты түшүнүүгө жана аны сыни баалоого үйрөтүү;

— Климаттын өзгөрүшү, миграция, урбанизация сыяктуу глобалдык процесстерди жана алардын дүйнөнүн ар кайсы аймактарына тийгизген таасирин түшүнүү үчүн окутуу чөйрөсүн түзүү;

— Географиялык чөйрө – табият менен коомдун татаал өз ара байланыш системасы катары – жөнүндө мейкиндиктик жана убакыттык түшүнүктөрдү калыптандырууга көмөктөшүү;

— Географиялык ой жүгүртүүнү калыптандыруу үчүн педагогикалык шарттарды түзүү. Бул ой жүгүртүү аймактуулук, комплексүүлүк, тактык жана глобалдуулук менен мүнөздөлөт;

— Кыргыз Республикасынын географиялык өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөгө үйрөтүү көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Тарбия берүүчүлүк:**

— окуучуларда айлана-чөйрөдө коопсуз жана экологиялык жактан ылайыктуу жүрүм-турум көндүмдөрүн жана адаттарын калыптандыруу;

— коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн негизги принциптерине ылайык иш алып барууга, экологиялык жактан коопсуз жана туруктуу жашоо образын калыптандырууга үйрөтүү;

— табиятта жана коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү баалоого үйрөтүү, өз мекенинин өнүгүшүнө позитивдүү салым кошууга шыктандыруу, башка маданияттарга жана улуттук салттарга урмат-сый менен мамиле кылууга тарбиялоо.

**Өнүктүрүүчүлүк:**

— мейкиндиктик ой жүгүртүүнү өнүктүрүү (жер-жерде өз ордун аныктоо жана мейкиндикте багыт алуу жөндөмүн калыптандыруу);

— ар түрдүү карта түрлөрүн талдоого жана түзүүгө үйрөтүү (жалпы географиялык, тематикалык жана менталдык карталар);

— мейкиндиктик маалыматтарды талдоо үчүн ГИС (геомаалыматтык система) менен иштөөнүн негизги көндүмдөрүн өздөштүрүүгө көмөктөшүү;

— практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу: ар кандай форматта берилген географиялык маалыматтарды (карталар, графиктер, таблицалар, диаграммалар) талдоо, изилдөө жүргүзүү, географиялык билимди күнүмдүк жашоодо негизделген чечимдерди кабыл алууда колдонуу;

— географиялык маалыматты сыни баалоого үйрөтүү жана географиялык маселелер боюнча ар кандай каражаттар аркылуу (оозеки, жазуу түрүндө, мультимедианын жардамы менен) баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү;

— географиялык изилдөөлөрдө жана практикалык ишмердүүлүктө жаңы технологияларды жана ыкмаларды колдоно билүүгө үйрөтүү;

— глобалдык жана регионалдык геоэкологиялык, геосаясий, экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдүн географиялык аспектилерин, табиятты пайдалануу принциптерин жана табигый-антропогендик, техногендик системаларды жөнгө салуу механизмдерин камтыган заманбап билимдер системасын өнүктүрүү;

— географиялык маалыматты издөө, талдоо, интерпретациялоо жана пайдалануу көндүмдөрүн калыптандыруу: бул маалыматтар картографиялык, статистикалык жана башка булактарда берилген учурда, учурдагы окуяларды баалоодо жана окуу менен күнүмдүк турмуштагы практикалык маселелерди чечүүдө колдонулат.

**10-12-класстар**

**Билим берүүчүлүк:**

— география илими жөнүндө түшүнүктөрдү өнүктүрүү: ал теориялык жана колдонмо илимдердин, илимий багыттардын тутуму экенин түшүндүрүү;

— заманбап география илиминин негизги багыттарынын маңызын жана азыркы илимий-практикалык маселелерди чечүүдөгү ордун түшүнүүгө жетишүү;

— географиялык мейкиндиктин бүтүндүгүн жана өз ара байланышкан аймактык системалардын иерархиясы катары түшүнүктөрдү системалаштыруу, анын ичинде Жердин геосфераларында жүрүп жаткан процесстер жөнүндө билимдерди берүү;

— коом менен географиялык чөйрөнүн өз ара аракетинин негизги маселелери боюнча географиялык билимдерди кеңейтүү жана түшүндүрүү.

**Тарбия берүүчүлүк:**

— окуучуларда патриоттуулук, жарандык жоопкерчиликти, руханий баалуулуктарды жана географиялык маданиятты калыптандыруу. Географиялык маданият төмөнкүлөрдү камтыйт:

— экологиялык көйгөйлөрдү түшүнүү жана туруктуу өнүгүүнүн зарылдыгын аңдоо, башка маданияттарга болгон толеранттуу мамиле кылуу жана урматтоо, планетанын келечеги үчүн жоопкерчилик сезимин өнүктүрүү.

— ар кандай географиялык шарттарда жана аймактарда адам менен жаратылыштын өз ара аракетин туруктуу өнүгүү идеяларынын негизинде баалоо көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Өнүктүрүүчүлүк:**

— жаратылыштагы, социалдык-экономикалык жана экологиялык маанилүү процесстердин маңызын жана динамикасын аныктаган географиялык факторлорду бөлүп көрсөтүү жана баалоо көндмдөрүн системалаштыруу;

— окуу процессинде географиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү, картографиялык моделдөө, ошондой эле адамдын чарбалык ишмердүүлүгүнүн таасиринен келип чыккан жаратылыштык, антропогендик жана техногендик өзгөрүүлөр боюнча жөнөкөй географиялык божомолдорду түзүү жөндөмүн өнүктүрүү;

— окуучулардын жергиликтүү, регионалдык жана глобалдык деңгээлдеги актуалдуу социалдык-экономикалык жана экологиялык маселелерди чечүүнүн жолдорун сунуштай жана баалай билүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.

## НЕГИЗГИ МАМИЛЕЛЕР

Мектепте география сабагын окутуунун максаты— окуучулардын билим берүү процессине жигердүү катышуусун камсыз кылуу. Бул өз кезегинде окутууда заманбап ыкмаларды колдонуу зарылдыгын жаратат. Окутуунун түрдүү ыкмаларын колдонуу менен окутуунун максаттары жана милдеттери ишке ашырылып, географиялык изилдөөлөр жүргүзүлөт жана окуучулардын функционалдык сабаттуулугу калыптанат. «География» предмети боюнча жаңы стандарт төмөнкүдөй жалпы илимий мамилелерге негизделет.

**Илимий мамиле** окуучуларда илимий билимдерди калыптандырууга багытталган. Табигый, коомдук жана экологиялык көйгөйлөрдү талдоо жана чечүүдө окуучулардын өз алдынча изилдөө жүргүзүүсүнө, таанып-билүүчү жана

долбоордук ишмердүүлүгүнө басым жасалат. Бул ыкма окуучуларды изилдөө иштерине өз алдынча катышууга, географиялык изилдөө көндүмдөрүн өздөштүрүүгө жана  сабакка болгон ички мотивациясын өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ошондой эле, карталар, приборлор жана башка жабдуулар менен иштөө жөндөмдөрү калыптанат

**Интегративдик мамиле** географиянын мазмунуна табигый, социалдык, коомдук жана гуманитардык илимдерди интеграциялоо аркылуу дүйнөнүн бүтүндүү картинасын калыптандырууга жардам берет. Мындан тышкары, теория менен практиканын айкалышына негизделген STEM-компоненттерин (илим, инженерия, технология, математика) окутуу процессине киргизүүнү шарттайт.

**Географиялык билим берүүдөгү баалуулукка багытталган мамиле —** бул эң маанилүү ыкмалардын бири болуп саналат. Ал окуучуларда айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга жана табигый ресурстарды сактоо түшүнүгүн калыптандырууга көмөктөшөт.

**Маданий (культурологиялык) мамиле** Кыргыз Республикасынын элинин маданий нормаларын жана баалуулуктарын эске алуу менен ишке ашат. Ал окутуу процессине геомаданий мейкиндик түшүнүгүн киргизүүнү көздөйт — бул белгилүү бир аймакта ар кандай диндердин, салттардын, нормалардын жана баалуулуктук багыттардын өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжасында калыптанган туруктуу маданий түшүнүктөрдүн системасы.

**Компетенттүүлүк мамиле** окуучуларда географиялык компетенциялар — башкача айтканда, билимди, көндүмдөрдү жана чыгармачылыкты турмуштук кырдаалдарда колдонуу жөндөмүн — калыптандырууга багытталган. Максаты — практикалык маселелерди чечүүдө географиялык билимди колдоно билүүгө үйрөтүү.

**Иш-аракетке негизделген мамиле** географиялык объекттерди, процесстерди жана кубулуштарды изилдөөдө мугалим менен окуучунун биргелешкен ишмердүүлүгүн уюштурууга көмөктөшөт. Бул мамиле активдүү окутуу жана практикалык аракеттерди колдонот.

**Инсанга жекече багытталган мамиле** окуучунун өз алдынча изилдөө жана долбоордук ишмердүүлүгүн жүргүзүшүнө шарт түзүү аркылуу ишке ашырылат. Ар бир окуучунун кызыгуусу, жөндөмү жана индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү эске алынат.

**Өлкө таанууга багытталган мамиле** география илиминин бүтүндүүлүгүн жана биримдигин ишке ашыруу идеясына негизделет. Ал географиянын табигый-тарыхый, экономикалык жана социалдык аспектилерин айкалыштырат. Максаты – адам жашоосу өтүп жаткан мейкиндикти бардык көрүнүштөрү менен комплекстүү түшүндүрүү

**Тарыхый-географиялык мамиле** заманбап географиялык мазмундун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет, анткени көптөгөн географиялык жараяндар жана кубулуштар алардын ортосундагы тарыхый-географиялык байланыштарды түзүүдө тарыхый өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт. Предметтин мазмунунда тарыхыймаданий аспектилерге өзгөчө көңүл бөлүнөт: ар кандай элдердин маданиятына – алардын тиричилигине, тилине, динине, улуттарды

калыптандыруунун этникалык өзгөчөлүктөрүнө, географиялык ачылыштардын тарыхына жана Жердин планета катары өнүгүүсүн изилдөөлөргө ж.б.

**Чөйрөгө негизделген мамиле** окуучулардын географиялык мейкиндик жөнүндө түшүнүгүн кеңейтүүгө кызмат кылат.

**Геоэкологиялык мамиле** географиялык жана экологиялык билимдер системасын олуттуу түрдө байытып, географияны экологиялаштыруу идеясын анын мазмунуна билимдердин үч түрүн киргизүүнүн негизинде жүзөгө ашырат: жаратылышты коргоо, ыңгайлашуу жана экологиялык коркунуч (коопсуздук) менен антропоэкологиялык жана экологиялык коопсуз өнүгүү үчүн билим берүүнүн мазмунунун талаптарына жооп берген рационалдуу жаратылышты пайдалануу.

Окуп-үйрөнүп жаткан жаратылыш объекттерди жана кубулуштарды топтоштуруп окутуу **типологиялык мамиле** жолу аркылуу ишке ашат.

## I. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Географиялык предметтик компетенттүүлүк — бул дүйнөнүн бүтүндүү сүрөттөлүшүн кабыл ала билүү, географиялык мейкиндикте болуп жаткан көп түрдүү процесстер менен кубулуштар жөнүндө билимди практикалык милдеттерди чечүүдө жана өзгөрүлмө кырдаалдарда ийкемдүү колдонууга зарыл болгон окуучунун жөндөмдүүлүгү. Бул компетенттүүлүктөр окуучулардын географиялык билимди өздөштүрүү процессинде — башталгандан тартып бүткөнгө чейин — калыптанып, аларга дүйнө жөнүндө системалуу билим алып гана тим болбостон, заманбап коомдо ийгиликтүү жашоо үчүн зарыл болгон практикалык көндүмдөрдү да өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Географиялык предметтик компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр болуп саналат:

1. **Изилдөөчүлүк-таанып-билүүчүлүк компетенттүүлүк** – активдүү таанып-билүүгө, билимди алуу, кайра иштеп чыгуу жана өз алдынча курууга жөндөмдүүлүктү билдирет. Окуучу чөйрөдөн билим алып, аны талдай билүүгө, фактыларды божомолдордон айырмалоого, изилдөөчүлүк жана таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктү өз алдынча уюштурууга, стандарттык эмес кырдаалдарда аракет жасай билүүгө жана креативдүү чечимдерди табууга жөндөмдүү болушу зарыл.
2. **Геоэкологиялык компетенттүүлүк** – адамдардын, аймактын жана жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы өз ара байланыштардын татаал системасын баалоо, жаратылыш-коомдук дүйнөгө баалуулукка негизделген мамиле калыптандыруу жөндөмдүүлүгү. Бул компетенттүүлүк жашоого болгон мамилени калыптандырат, баалуулук багыттарын туура жайгаштырууга көмөктөшөт. Окуучулар өзүн-өзү таанып билүүгө, чечим кабыл алууга жана ал чечимдер үчүн жоопкерчилик алууга үйрөнүшөт. Баарлашуу процессинде жакын жана алыскы чөйрөдөгү адамдар жана окуялар менен өз ара аракеттенүү ыкмалары, топто жана жамаатта иштөө көндүмдөрү калыптанат.
3. **Геомаданий компетенттүүлүк** – ар кандай масштабдагы геомаданий мейкиндикке ыңгайлаша билүү жана чыгармачылык менен өнүгүү жөндөмдүүлүгү. Бул компетенттүүлүк этносторду, жалпы адамзаттык жана улуттук маданияттарды, үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, ар кыл элдердин салт-санааларын жана жашоо образын изилдөө процессинде калыптанат. Ал төмөнкү элементтер аркылуу

маданияттын түзүмүн жана функцияларын түшүнүү, географиялык маданиятты адамзат маданиятынын бир бөлүгү катары кабыл алуу жана аны өздөштүрүү.

4. **Геомаалыматтык-санариптик компетенттүүлүк** – заманбап маалымат каражаттарын жана маалыматтык технологияларды өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн билдирет. Бул компетенттүүлүк окуучунун төмөнкүдөй жөндөмдөрүн камтыйт: маалыматты өз алдынча издөө, топтоо, талдоо, тандоо, маалыматты кайра иштеп чыгуу, сактоо, берүү жана техникалык каражаттардын жана маалымат технологияларынын жардамы менен сунуштоо (презентациялоо).

## II. МАЗМУНДУК ТИЛКЕ

**Географиянын мазмундук тилкелери** — бул предметтин бардык окуу материалдары жана окуучулардын географиялык компетенттүүлүгүн, функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга багытталган технологиялык ыкмалар түзүлө турган негизги географиялык идеялар менен түшүнүктөр. Географиялык билим берүүнүн **мазмундук тилкелери:** *географиялык мейкиндик, геомаданий ар түрдүүлүк, заманбап дүйнөнүн туруктуу өнүгүүсү*.

1. **Географиялык мейкиндик.** Бул тилкенин максаты — окуучуларды убакыт жана мейкиндик боюнча багыт алуу жөндөмдөрүнө үйрөтүү карталарды окуу, картографиялык маалыматтарды талдоо жана түшүндүрүү, көрсөтмөлүүлүктөрдү түзүү, аймактардын физикалык-географиялык, саясий-географиялык жана экономикалык-географиялык абалын аныктоо. Окуучулар географиялык чөйрөдөгү мейкиндиктик-убактылуу байланышты, географиялык кубулуштардын жана процесстердин таралышын, географиялык номенклатураны, топонимиканы, калктын жайгашуусуна жана чарбалардын өнүгүшүнө таасир эткен тарыхый-географиялык окуяларды түшүнүшөт

2. **Геомаданий ар түрдүүлүк.** Бул тилкенин максаты—социалдык-экономикалык, геосаясий, демографиялык жана миграциялык жараяндар коомдун өнүгүүсүнө кандай таасир тийгизерин көрсөтүү эсептелинет, геомаданий мейкиндик, дүйнө калкынын этникалык, диний курамынын көп түрдүүлүгү, адамзаттын маданий мурасы жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу, окуучуларга глобалдык жана аймактык геоэкологиялык, геосаясий, экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдүн келип чыгуусунун принциптерин жана механизмдерин, жаратылышты пайдалануунун жана жаратылыштык-антропогендик системаларды жөнгө салуунун принциптерин түшүнүүгө жардам берет..

3. **Заманбап дүйнөнүн туруктуу өнүгүүсү.** Максаты — адамзаттын өнүгүшү анын жашоо чөйрөсү менен ажырагыс байланышта экенин түшүндүрүү. Табигый чөйрө, жаратылыш ресурстары, жашоонун кайра жаралуусу үчүн шарттар жана илимий-техникалык прогресс — булардын баары *табияттын, коомдун* жана *экономиканын* туруктуу өнүгүүсүнүн негизи болуп саналат. Окуучуларда экологиялык көз карашты калыптандыруу жана бул түшүнүктөрдү өзүнүн жеке, коомдук жана кесиптик турмушунда колдоно билүү жөндөмдөрүнө ээ болууга өбөлгө түзүлөт.

Мазмундук тилкелер география предметинин мазмунунун өзөгүн түзөт. Алар окуу программасынын мазмунун жана география сабагын окутууну уюштуруунун

негизин аныктайт. География *предметинин мазмунунун өзөгү (ядросу) төмөнкү темаларды* камтыйт:

— Географиялык илимий таанып-билүү ыкмалары
— Жер жана Аалам
— Жердин геосфералары (литосфера, атмосфера, гидросфера, биосфера)
— Зоналдык жаратылыш комплекстери (топурак жана өсүмдүк каптамы, жаныбарлар дүйнөсү, жаратылыш зоналары, бийиктик алкактуулук)
— Географиялык кабык, географиялык чөйрө жана аймактык комплекстер
— Жаратылыш ресурстары жана адамзат коомчулугу
— Калктын географиясы
— Дүйнөлүк чарбанын географиясы
— Дүйнөнүн региондору жана өлкөлөрү
— Адамзаттын глобалдык көйгөйлөрү

**1 -Таблица. 7-9 класстар үчүн окуу материалынын мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүлүшү**

| Мазмундук тилке | Окуу матералдары | | |
|---|---|---|---|
| | **7- класс** | **8 -класс** | **9- класс** |
| **Географиялык мейкидик** | Салттуу жана заманбап изилдөө ыкмалары. Географиялык маалыматтык системалар (ГМС). Аймакты сүрөткө тартуунун түрлөрү. Жердин планы. Глобус. Географиялык карта. Географиялык кабык жана анын компоненттери: литосфера, гидросфера, атмосфера жана биосфера. Жердин геосфераларында жүрүүчү процесстер жана кубулуштар: жер кыртышынын кыймылы; Дүйнөлүк океандын жана кургактыктын суулары; аба ырайы жана анын элементтери; климат жана анын калыптанышына таасир эткен себептер. Суунун айланышы, суу жана аба массаларынын циркуляциясы. Жер жүзүндөгү жашоонун ар түрдүүлүгү, биосферанын башка кабыктар менен өз ара аракеттенүүсү. Жаратылыш комплекси жана анын компоненттеринин өз ара аракеттенүүсү. Географиялык кабык жана анын мыйзам ченемдүүлүктөрү:бүтүндүүлүк, ритмдүүлүк, зоналдуулук. | Жердин табигый өзгөчөлүктөрү. Жердин геосфераларында жүрүүчү процесстер жана кубулуштар. Литосфералык плиталардын кыймылынын теориясы. Жердин азыркы рельефинин түзүлүү процесси. Аба массаларынын циркуляциясы. Климат түзүүчү факторлор жана алардын климаттын калыптанышына тийгизген таасири. Климаттык алкактар жана климаттын типтери. Дүйнөлүк океандын сулары жана алардын климаттын түзүлүшүнө тийгизген таасири. Географиялык алкактар жана жаратылыш зоналары. Ландшафттар. Материктердин жана океандардын жаратылыш комплекстери. Материктердин физикалык-географиялык абалы, рельефи, климаты, ички суулары, жаратылыш зоналары. Океандардын физикалык-географиялык абалы жана жаратылышы | Кыргызстан дүйнө картасында. Анын физикалык-географиялык абалы. Кыргызстандын аймагынын геологиялык өнүгүү тарыхы, рельефи жана пайдалуу кендери. Кыргызстандын климаты — Евразия жана Борбордук Азиянын үстүндөгү аба массаларынын жалпы циркуляциясына жана жергиликтүү табигый шарттарга жараша калыптанган. Ички сууларынын жайгашуусу рельеф жана климаттык өзгөчөлүктөр менен байланышкан. Топурак-өсүмдүк жамындыларынын жана жаныбарлар дүйнөсүнүн жайгашуусу жергиликтүү шарттарга жараша ар түрдүү мүнөзгө ээ. Жаратылыш зоналарынын жана ландшафттардын вертикалдык (бийиктик) алкактуулугу. Кыргызстандын минералдык, агроклиматтык, суу, жер жана биологиялык ресурстары. Кыргызстандын аймагын физикалык-географиялык жактан районго бөлүүнүн негизги принциптери. Физикалык-географиялык провинциялардын, облустардын жана округдардын мүнөздөмөсү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Географиялык маданий ар түрдүүлүк** | Жер жүзүнүн расалык курамы. Ар кандай расалардын өкүлдөрүндө тышкы өзгөчөлүктөрдүн калыптанышына жаратылыштын тийгизген таасири. Калктын жайгашуусу. Турукташкан пункттар (кыштактар, шаарлар). Дүйнөнүн саясий картасындагы элдер жана мамлекеттер. | Материктер менен океандардын ачылышы жана изилдөө тарыхы. Материктердин калкы, элдери жана элдик топтору. Адамдардын айлана-чөйрөдөгү табигый шарттарга ыңгайлашуусу: климаттык жана жаратылыш шарттарына жараша кийим-кече, турак жай, чарбалык ишмердүүлүктөрдүн айырмачылыктары. Табияттын калктын руханий жана материалдык маданиятына, каада-салттарына, үрп-адаттарына жана жүрүм-турум эрежелерине тийгизген таасири. | Кыргызстандын аймагын изилдөө тарыхы. Географиялык изилдөөлөрдүн этаптары. Байыркы булактарда кыргыз жергеси, кыргыздардын маданияты жана жашоо-тиричилиги жөнүндө маалыматтар. Кыргызстан Улуу Жибек жолунда – байыркы түрк элдеринин маданий борборлорунун бири болгон. |
| **Заманбап дүйнөнүн туруктуу өнүгүүсү** | «Туруктуу өнүгүү» түшүнүгү. Адам менен литосферанын, гидросферанын, атмосферанын жана биосферанын өз ара аракеттенүүсү. Адамдын Жердин табигый кабыктары (жаратылыш компоненттери) менен болгон өз ара байланыштарынын оң жана терс жактары. Табиятты коргоо маселелери. Жер планетасындагы климаттын өзгөрүшү жана ал өзгөрүүнүн себептери. Климаттын өзгөрүшүнүн адамдын ден соолугуна, тамак-аш коопсуздугуна жана жашоо шарттарына тийгизген таасири. Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу үчүн «жашыл» көндүмдөрдү өздөштүрүү. Кооптуу жаратылыш кубулуштарынын пайда болушуна таасир эткен себептер. Табигый кырсыктар, өзгөчө кырдаалдарда жүрүм-турум эрежелери жана табигый кооптуу кырдаалдардын тобокелдиктерин төмөндөтүү боюнча негизги түшүнүктөр. | Жердин табиятын туруктуу өнүктүрүү. Калктын материктердеги табиятка тийгизген таасири. Адам ишмердүүлүгүнүн климаттын өзгөрүшүнө алып келиши жана анын кесепеттерин азайтуу жолдору. Адамзаттын материктер жана океандардагы жаратылыш ресурстарын чарбалык ишмердүүлүктө пайдалануу жолдору. Табиятты коргоо жана материктердеги өзгөчө корголуучу аймактар. Глобалдык геосистемалардын өзгөрүшү. Глобалдык экологиялык көйгөйлөр жана алардын мүнөздөмөсү. | Кыргызстандын табиятын туруктуу өнүктүрүү. Ландшафттардын антропогендик өзгөрүшү. Кыргызстандын геоэкологиялык көйгөйлөрү – чөлгө айланып кетүү коркунучу, жайыттардын деградациясы, токой массивдеринин кыскарышы, мөңгүлөрдүн ээриши жана башка маселелер. Минералдык, агроклиматтык, суу, жер жана биологиялык ресурстарды пайдалануудагы көйгөйлөр. Кыргызстандын тоолуу экосистемаларын жана биотүрдүүлүгүн сактоо жана рационалдуу пайдалануу. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жана Кыргызстандын Кызыл китеби. |

**2 -таблица. 10-12 -класстар үчүн окуу материалынын мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүлүшү**

| Мазмундук тилкелер | 10 -класс | 11 -класс | 12 -класс |
|---|---|---|---|
| **Географиялык мейкиндик** | Кыргыз Республикасынын экономикалык-географиялык абалы. Административдик-аймактык түзүлүш. Табигый ресурстар — республиканын экономикасын өнүктүрүүнүн базасы (минералдык ресурстар – өнөр жайды өнүктүрүү үчүн; жер, суу, агроклиматтык ресурстар – айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн). Улуттук чарбанын түзүмү. Өнөр жай жана анын алдыңкы тармактары – казып алуу жана кайра иштетүү тармактары. Отун-энергетика өнөр жайы, металлургия, курулуш индустриясы жана башка тармактар. Айыл чарба – дыйканчылык жана мал чарба тармактары. Жеңил жана тамак-аш өнөр жайы, транспорт тармагы. Административдик-аймактык аймактарга мүнөздөмө. | Дүйнөнүн саясий картасы. Мамлекеттердин ар түрдүүлүгү. Мамлекеттик түзүлүш моделдери. Мамлекеттердин типологиясы. Дүйнөлүк жаратылыш ресурстары жана алардын аймактар боюнча жайгашуусу. Жаратылыш ресурстары — коомдун жашоосу үчүн негиз. Дүйнөлүк өнөр жай, айыл чарба, балык чарбасы жана транспорт борборлору. Эл аралык экономикалык интеграция. | Дүйнөнүн тарыхый-географиялык аймактары жана аларды бөлүү принциптери. Географиялык чөйрө. Социалдык-экономикалык прогресс жана аймактардагы айырмачылыктар. Аймактардын жана өлкөлөрдүн жаратылыш-ресурстук айырмачылыктары. Аймактардын жана өзүнчө мамлекеттердин экономикалык-географиялык мүнөздөмөсү. |
| **Географиялык маданий ар түрдүүлүк** | Республиканын калкынын сандык жана сапаттык курамы. Демографиялык процесстер – калктын табигый жана механикалык кыймылы. Миграциялык процесстердин себептери. Шаардык жана айылдык калк. Калктын республика аймагында жайгашуусу. Табигый ресурстардын калктын жайгашуусуна, экономиканын, маданияттын жана туризмдин өнүгүшүнө тийгизген таасири. Эмгек ресурстары.<br>Өндүрүштүк эмес чөйрө – социалдык тейлөө тармактары (билим берүү, саламаттыкты сактоо, илим, маданият ж.б.) жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү. Адамдын жаратылыш чөйрөсүнө ыңгайланышы. Айлана-чөйрөнүн адамдын жүрүм-турум нормаларын, салт-санааларын, үрп-адаттарын калыптандырууга тийгизген таасири. Табигый-климаттык шарттардын адамдын тамактануу өзгөчөлүктөрүнө тийгизген таасири. | Демография жана демографиялык саясат. Калктын саны жана кайра өндүрүлүшү. Калктын жыныстык, расалык, этникалык жана диний курамы. Гендердик аспектилер жана эмгек рыногу. Калктын жайгашуусу жана отурукташуунун түрлөрү. Шаардык жана айылдык калк. Урбанизация жана миграция процесстери. Эмгек ресурстары жана жумушсуздуктун себептери.<br>Глобалдык маалымат тармагы, байланыш, маданият жана саясат. Эл аралык туризм. ЮНЕСКОнун дүйнөлүк табигый жана маданий мурастарынын объектилери. Жер планетасындагы адам. | Аймактардын (өлкөлөрдүн) географиялык өзгөчөлүгү. Дүйнө өлкөлөрүндөгү демографиялык абал. Глобалдык геосаясий, демографиялык, экономикалык, социалдык жана экологиялык маселелер. Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү адамзаттын табигый жана маданий дүйнөлүк мурастары. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Заманбап дүйнөнүн туруктуу өнүгүүсү** | Республиканы Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. Туруктуу жана туруксуз өндүрүш менен керектөө. Тиричилик калдыктары. Радиациялык булгануу маселеси. Атмосферанын булганышы. Озон катмарынын жукарашы жана бузулушу. Климаттын өзгөрүшүнүн экономикага тийгизген таасири. Суунун жана топурактын булганышы. Суу сапаты. Генетикалык жактан өзгөртүлгөн азыктар. Энергетикалык, экологиялык жана азык-түлүк коопсуздугу, адамдын саламаттыгы. Жашыл экономика жана аны өнүктүрүү жолдору. Жашыл көндүмдөр. Минералдык ресурстарды туруктуу пайдалануу жана тоо-кен өнөр жайын өнүктүрүүдөгү экологиялык терс таасирлердин алдын алуу. Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу. Табигый жана техногендик кырсыктар. Калкты кооптуу табигый кубулуштардан коргоо. Өтө кооптуу шарттарда жана кырдаалдарда жүрүм-турум эрежелери. | Эл аралык географиялык эмгек бөлүштүрүү жана адистешүү. Ресурстар менен камсыз болуу жана жаратылышты пайдалануу. Адамдын чарбалык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында айлана-чөйрөнүн булганышынын көйгөйлөрү. Туруксуз жаратылышты пайдалануу модели. Туруктуу өнүгүүнүн принциптери жана моделдери. Экологиялык кризис. Түз (линейная) жана айлампа (цикликалык) экономика. Илимий-техникалык прогресс жана дүйнөлүк чарба. Жогорку технологиялар, калдыгы жок өндүрүш системалары (калдыкты кайра иштетүү системасы), энергияны үнөмдөөчү технологиялар. Альтернативдүү энергетика, "жашыл экономика". Туруктуу өнүгүүнүн максаттары. Экономикалык кызматташтык. | Экологиялык дүйнөтааным (экологиялык этика). Адамзаттын глобалдык көйгөйлөрү. Аймактарда жана өлкөлөрдө чарбанын уюштурулушу (өнөр жай тармактары, айыл чарба, транспорт). Аймактардын жана өлкөлөрдүн чарбалык адистешүүсү. Аймактардын жана өлкөлөрдүн ичиндеги субрегионалдык чарбалык айырмачылыктар. "Жашыл экономика". Илим жана финансы: технопарктар, технополистер, өлкөнүн же аймактын банк борборлору. |

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ

Мектептеги географиялык билим берүүдөгү күтүлгөн билим берүү натыйжалары – бул окуучулар өздөштүрүүгө тийиш болгон билимдерди, көндүмдөрдү жана ишмердүүлүктүн түрлөрүн билдирет. Алар предметтик компетенттүүлүктүн компоненттерин чагылдырат. Бул натыйжалар мазмундук тилкелер боюнча түзүлгөн жана акырында предметтик компетенттүүлүктү калыптандырууга өбөлгө түзөт. 1-тиркемеде 7–9 жана 10–12-класстар үчүн окуу материалдарынын негизинде билим берүү натыйжаларынын тизмеси келтирилген.

## III. ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Мектепте географияны окутууда прогностикалык баалуулукка негизделген өзүн-өзү аныктоо негизги орунду ээлейт. Бул — келечекти алдын ала божомолдоо, максат коюу жана жашоого байланыштуу пландарды түзүү аркылуу «келечек образынын» калыптанышынан көрүнөт. Бул өзгөчө 10–12-класстарда байкалып, төмөнкүдөй баалуулуктарды өздөштүрүү менен коштолот: өзүн-өзү көзөмөлдөө, өзүн-өзү сунуштоо, өзүн-өзү ишке ашыруу, чыгармачылык жана эркиндик. Бул баалуулуктар предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү — аң-сезимдүү өзүн тарбиялоого, өзүн жөнгө салууга, уюштурууга жана өз алдынча иш жүргүзүүгө умтулууларды — калыптандыруунун негизин түзөт. География сабагын окутууда атайын географиялык жана жалпы педагогикалык ыкмалар колдонулат. Мугалим ар бир ыкманы тандоодо максатын так аныктап, ага ылайык түшүнүктүү, максаттуу мамиле жасоосу зарыл. Төмөндө сунушталган ыкмалар дал ушундай багытта пайдаланууга арналган.

*Тарыхый усул.* Бул ыкма табигый, коомдук, социалдык жана экологиялык кубулуштарды убакыттын өтүшү менен алардын өнүгүүсүн жана өзгөрүшүн талдоо максатында колдонулат.

*Маалыматтык талдоо усулу* — айрым объекттерде жүрүп жаткан процесстерди жана алардын башка объекттерде чагылдырылышын, ошондой эле курамын, түзүмүн жана маалыматтын ичиндеги өз ара байланыштарды талдоого мүмкүнчүлүк берет.

*Структуралык талдоо усулу* – геосистеманын түзүүчү компоненттеринин өз ара аракетин комплекстүү түрдө изилдөөгө багытталган. Бул методдун негизги түшүнүгү – кайтарым байланыш түшүнүгү болуп саналат.

*Позициялык талдоо усулу* – географиялык объекттин зат, энергия жана маалымат агымдарына, энергия талааларына, табигый жана антропогендик телолорго карата жайгашкан ордун изилдөөгө багытталган.

*Моделдөө усулу* – изилденип жаткан объектти жөнөкөйлөтүлгөн түрдө чагылдыруучу моделдерди түзүүгө мүмкүндүк берет. Мындай моделдер физикалык конструкциялар, математикалык формулалар, карталар, блок-схемалар түрүндө берилет.

*Картографиялык усул* – географиялык объекттерди табигый мейкиндиктик тизмеги менен чагылдырууга, атайын белгилер жана шарттуу символдор аркылуу образдуу-моделдик тилде берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

*Статистикалык усул* – статистикалык маалыматтар менен иштөөгө багытталган. Окуучуларды билим берүү процессине тартуу, алардын кызыгуусун

арттыруу жана жыйынтыктарын жакшыртуу максатында жалпы педагогикалык технологияларды, анын ичинде интерактивдүү окутуу усулдарын колдонуу сунушталат.

Мектеп географиясын окутуу предметтин өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырылган жалпы педагогикалык усулдарга негизделет. Бул методдор төмөнкү **негизги үч топко бөлүнөт:**

— Сөз менен түшүндүрүүчү (вербалдык) усул ;
— Көрсөтмөлүү усул**;**
— Практикалык усул**.**

**Сөз менен түшүндүрүүчү (вербалдык) усулдар.** Бул усулдардыгеография сабагында колдонуунун өзгөчөлүгү — география татаал процесстерди түшүндүрүүнү талап кылган илим экендигинде. Мисалы: климаттын калыптанышы, литосфералык плиталардын кыймылы, демографиялык тенденциялар ж.б. Бирок бул усулдар көрсөтмөтмөлүү колдонулган учурда монотондуу жана кызыксыз болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан аларды колдонууда сөзсүз карталар, схемалар, видеоматериалдар менен коштоо зарыл. Ошондой эле, алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек (3-таблицада көрсөтүлгөндөй).

**3-таблица. География сабагында сөз менен түшүндүрүүчү (вербалдык) методдорду колдонуунун өзгөчөлүктөрү**

| **Усулдар** | **Геоографияда колдонуу өзгөчөлүктөрү** | **Мисалдар** |
|---|---|---|
| Айтып берүү | Географиялык объекттерди жана кубулуштарды сүрөттөө үчүн колдонулат. Образдуу жана эмоционалдуу болушу шарт. | Магеллан саякаты тууралуу баяндоо Дүйнөлүк океанды изилдөө темасында, Кыргызстандын уникалдуу жаратылыш объекттери тууралуу маалымат берүү. |
| Түшүндүрүү | Татаал процесстерди (суу айланышы, жер титирөөнүн себептери ж.б.) талдоодо колдонулат. | Жер жүзүндө болуп өткөн процесстерди, шамалдардын (муссон, бриз ж.б.) пайда болуу механизмин түшүндүрүү. |
| Талкулоо | Эвристикалык (жаңы билимди өз алдынча ачууга түрткү берүүчү), продуктивдүү же репродуктивдүү (үйрөнүлгөндү текшерүүчү) мүнөздө болушу мүмкүн. | Кыргызстан үчүн глобалдык ысыштын кесепеттери тууралуу талкуу жүргүзүү. |
| Лекция | Жогорку класстарда татаал темаларды(геосаясат, адамзаттын глобалдык көйгөйлөрү ж.б.) үйрөнүүдө колдонулат. | Улуу Жибек Жолунун Евразия өлкөлөрүнүн өнүгүшүнө тийгизген таасири тууралуу лекция. |

**Көрсөтмөлүү усулдар.** Географияны окутууда көрсөтмөлүү усулдарды колдонуу өзгөчө мааниге ээ, анткени география — бул мейкиндиктик илим. Окутууда билим берүү материалдарын визуализациялоо карталар, схемалар,

моделдер жана башка көрсөтмөлүү куралдардын жардамы менен жүзөгө ашырылат (4-таблицаны караңыз:).

Көрсөтмөлүү усулдарды колдонууда төмөнкүлөрдү эске алуу маанилүү:

- көрсөтмөлүү материалдарды туура көлөмдө жана өз убагында берүү;
- аларды так жана түшүнүктүү түшүндүрмө менен айкалыштыруу;
- усулдук жактан негизделген колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

**4 -таблица . Көрсөтмөлүү усулдарды колдонуунун өзгөчөлүктөрү**

| **Усулдар** | **География сабагында колдонуунун өзгөчөлүктөрү** | **Мисалдар** |
|---|---|---|
| Иллюстрациялар (фото, сүрөттөр) | Чыныгы географиялык объекттерди көрсөтөт. Окуучулар табигый же жасалма объекттерди көзү менен көрүп түшүнөт. | Сахара чөлүнүн сүрөтүн көрсөтүү – кургак (ариддүү) климатты изилдөөдө колдонулат. |
| Карталар жана атластарды көрсөтүү | Географтын негизги куралы. Карталарды колдонууда легенданы, масштабты жана шарттуу белгилерди окуганды үйрөтүү өтө маанилүү. | Евразиянын физикалык жана саясий карталарын салыштыруу – аймактын географиялык жана саясий өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жардам берет. |
| Глобустар жана 3D-моделдерди колдонуу | Жердин формасын, материктер менен океандардын жайгашуусун түшүнүүгө жардам берет. Глобустар бул жаатта натыйжалуу. | Жер огунун кыйшайышын көрсөтүү – мезгилдердин алмашуусун түшүндүрүүдө пайдалуу. |
| Видеоматериалдар жана анимациялар | Динамикалык процесстерди көрсөтөт. Мисалы, вулкандын атылышы, мөңгүлөрдүн жылышы жана башка кыймыл-аракеттерди көрсөтүү үчүн видео жана анимациялар колдонулат. | Ысык-Көл көлүнүн пайда болуу процесси тууралуу видео – геологиялык жана гидрологиялык процесстерди түшүндүрүү үчүн колдонулат. |
| Интерактивдүү карталар (ГИС) | Реалдуу убакыт режиминде маалыматтарды талдоого мүмкүндүк берет. Бул интерактивдүү карталар жана ГИС технологиялары аркылуу ишке ашат. | Google Earth менен иштөө – Кыргызстандын рельефин жана географиялык өзгөчөлүктөрүн тереңирээк изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. |

**Практикалык усулдар.** География — бул теориялык гана эмес, колдонмо мүнөзгө ээ илим. Ал окуучулардын айлана-чөйрө менен түздөн-түз өз ара аракеттенүүсүн талап кылат. Кыргызстан шартында — ар түрдүү жер бедели, өзгөчө жаратылыш зоналары жана бай маданий-тарыхый мурасы бар өлкөдө — практикалык ыкмалар өзгөчө мааниге ээ. (5-таблица)

**5-таблица. Практикалык усулдардын өзгөчөлүгү**

| **Усулдар** | **Географияда колдонуу өзгөчөлүктөрү** | **Мисалдар** |
|---|---|---|
| Контурдук карталар менен иштөө | ой жүгүртүү мейкиндигин өнүктүрөт | Кыргызстандын тоо системаларын контур картага түшүрүү |
| Байкоо жана тажрыйбалар | Жаратылыш кубулуштарын практикада үйрөнүү. | Климатты түшүнүү үчүн абанын температурасын жана басымын өлчөө |
| Талаа изилдөөлөрү жана экскурсиялар | Географиялык объекттерди чыныгы турмушта көрүүгө мүмкүндүк берет. | Топурак эрозиясын үйрөнүү үчүн дарыяга экскурсия |
| Долбоордук ишмердүүлүк | Изилдөөчүлүк көндүмдөрдү өнүктүрөт. | «Менин шаарымдын экологиялык көйгөйлөрү» аттуу долбоор |
| Дидактикалык оюндар | Окууга болгон мотивацияны жогорулатат | «Дүйнө өлкөлөрү боюнча саякат» квести – карта менен тапшырмаларды аткаруу |

Окуу жана тарбия берүү максаттарында окуу процессинде төмөнкү интерактивдүү технологиялар, ыкмалар жана формалар колдонулушу мүмкүн: тегерек үстөл (талкуу, дебат), мээ чабуулу (брейнсторминг), ишкердик жана ролдук оюндар, мастер-класс, «оодарылган класс» модели, оюн ыкмалары, кейс-технологиялар (реалдуу кырдаалдарды моделдөө), аралаш окутуу технологиялары, көйгөй негизиндеги окутуу жана долбоордук усул, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) жана башкалар. Окуу процессинде интерактивдүү технологияларды колдонуу окуучулардын психологиялык чыңалуусун азайтат, иш-аракет түрлөрүн алмаштырып туруу мүмкүнчүлүгүн жаратат, теманын негизги суроолоруна көңүл бурууга шарт түзөт.

Бул усулдар аркылуу төмөнкү милдеттер аткарылат:

— ар бир окуучунун билимди өздөштүрүү процессине активдүү катышуусун камсыз кылуу;

— дифференцияланган жана жекече мамилени ишке ашыруу;

— ийгиликтүү баарлашуунун көндүмдөрүн калыптандыруу (укканды билүү, диалог жүргүзүү, суроо берүү, топ менен иштөө ж.б.).

## IV. ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо география сабагындагы окуу процессинде чечүүчү ролду ойнойт. Баалоонун өз ара байланышкан үч түрү колдонулат (6-таблицада көрсөтүлгөн).

**6 -таблица. Баалоонун түрлөрү**

| Баалоонун түрү | Описание | Мисалдар |
|---|---|---|
| Формативдик | Окуучунун билим алуу процессин жакшыртуу максатында ар бир окуучуну үзгүлтүксүз жана максаттуу байкоо жүргүзүү процесси болуп саналат. Бул мугалимдерге окуучунун окуу максаттарына карата канчалык деңгээлде жакындап жатканын көзөмөлдөөгө жана окуу процессине өз убагында түзөтүү киргизүүгө мүмкүндүк берет. | Чек-листтер, менталдык (ой жүгүртүүчү) карталар, рефлексиялык таблицалар, топтук жооптор ж.б. |
| Суммативдик | Окуу темасынын, бөлүмдүн же курстун соңунда окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктайт. Ал ар түрдүү текшерүү иштеринин жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтык баалоонун негизин түзөт. Бул баалоо окуу процессинде окуучу эмнелерди өздөштүргөнүн көрсөтөт. | тесттер, картографиялык анализ, инфографика, проекттик иштер, презентациялар, сочинениялар, эсселер ж.б. |
| Диагностикалык | Окуучулардын компетенттүүлүктөрүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо максатын көздөйт. Адатта, окуу жылынын башында же жаңы тема, бөлүм же курс башталганда жүргүзүлөт. Бул баалоо окуучулардын окуу максаттарына карата кайсы деңгээлде турганын аныктоого жардам берет жана окуу процесси үчүн керектүү түзөтүүлөрдү киргизүүгө шарт түзөт. | Баштапкы (старттык) тесттер, Интеллект-карталар, «Мен эмнени билем?» деген сыяктуу диагностикалык тапшырмалар |

3 түрдүү баалоону колдонуу өз алдынча баалоо жана өз ара баалоо менен айкалыштырылышы мүмкүн.

**Өз алдынча баалоо** – бул окуучунун өз жыйынтыктарын белгиленген критерийлердин негизинде өз алдынча баалоосу.

**Өз ара баалоо** – бул өзүнүн ишин гана эмес, классташтарынын иштерин да мурунтан белгиленген жалпы критерийлердин негизинде баалоо процесси.

Баалоо окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн үч деңгээлинде жүргүзүлөт: репродуктивдик, продуктивдик жана чыгармачылык.

1. **Репродуктивдүү** деңгээл окуучунун берилген үлгүгө (иш-аракет алгоритмине) ылайык иш алып баруу жөндөмү менен мүнөздөлөт.
2. **Продуктивдүү** деңгээл өздөштүрүлгөн теориялык билимди жаңы, белгисиз кырдаалда колдонуу менен мүнөздөлөт.
3. **Чыгармачылык** деңгээл окуу тапшырмаларын өз алдынча чыгармачылык менен чечүү жөндөмүн билдирет.

## VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООНУН МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАРЫ

География сабагын натыйжалуу окутуу сапаттуу, заманбап жана ар түрдүү ресурстар менен камсыз болмоюнча мүмкүн эмес. География боюнча стандарттын талаптарын ишке ашыруу атайын жабдылган география кабинетинде жүргүзүлөт жана керектүү материалдар, визуалдык ресурстар жана санариптик ресурстар менен камсыз кылынат. Кыргызстандын мектептеринде география сабактарын ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары мамлекеттик билим берүү стандарттары, санитардык нормалар жана автордук укук тууралуу мыйзамдар менен жөнгө салынат.

**1. Коопсуздук. Кыргыз Республикасынын санитардык нормаларына (СанПиН) шайкештик:**

— Жарыктандыруу (табигый жана жасалма) нормаларга ылайык болушу керек;

— Жабдыктар (парта, отургучтар) окуучулардын боюна ылайык жөнгө салынуучу болушу шарт;

— Кабинетте биринчи жардам аптечкасы болушу жана өрт коопсуздугунун эрежелери сакталууга тийиш;

— Талаа иштерин жана экскурсияларды жүргүзүүдө эмгекти коргоо боюнча көрсөтмөлөр, аба ырайынын шарттары (айрыкча тоолуу райондордо) эске алынат.

**2. Жаш өзгөчөлүктөргө жана билим берүү муктаждыктарына шайкештик:**

*Дидактикалык материалдар (*атластар, карталар, глобустар) жаш өзгөчөлүктөргө ылайык болушу керек:

5–6-класстар – жөнөкөйлөтүлгөн карталар, интерактивдүү материалдар;

7–9-класстар – деталдуу карталар (физикалык, экономикалык);

10–11-класстар–терендетилген булактар (ГИС-технологиялар, статистикалык маалыматтар);

*Санариптик ресурстар* (онлайн-карталар, видео сабактар) жеткиликтүү жана ылайыкташтырылган болушу зарыл.

**3. Автордук укуктар жана лицензиялоо:** Бардык окуу китептери, жумушчу дептерлер жана электрондук ресурстар Кыргыз Республикасынын «Автордук укук жөнүндө» мыйзамына ылайык колдонулушу керек;

Лицензиясы жок окуу материалдарын колдонууга тыюу салынат;

Санариптик платформалар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин уруксаты менен колдонулушу зарыл.

**4. География кабинетин минималдуу жабдуу:**

- Карталар (Кыргызстандын физикалык жана саясий, дүйнөнүн физикалык жана саясий карталары);
- Глобустар (физикалык, саясий, экономикалык);
- Атластар жана контур карталар (класстар боюнча);
- Көрнөк-жарнамалык куралдар (таблицалар, схемалар);
- Компьютер/ноутбук, проектор (материалдарды көрсөтүү үчүн);
- Метеокуралдар (термометр, барометр – практикалык иштер үчүн);
- Минералдар жана тоо тектеринин коллекциясы (айрыкча жергиликтүү);
- Рельефтин 3D-моделдери (тоолор, ойдундар);
- ГИС-технологияларга жеткиликтүүлүк (мисалы, Google Earth)

## V. МОТИВАЦИЯ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

Мотивация – бул окуучуларды географиялык процесстерди, кубулуштарды жана мыйзамченемдүүлүктөрдү активдүү өздөштүрүүгө түрткү берген ички жана тышкы факторлордун жыйындысы.

Окуучуларды сабакта мотивациялоо үчүн төмөнкү сунуштар берилет:

- Ар бир окуучунун муктаждыктарын, каалоолорун жана кызыгууларын түшүнүү. Окуучу мугалим тарабынан түшүнүлгөнүн жана бааланганын сезгенде, бул коопсуз окуу чөйрөсүн түзүп, аны көбүрөөк аракеттенүүгө шыктандырат;
- Окуучуларга жетишүүгө боло турган чыныгы максаттарды жана милдеттерди коюуга жардам берүү;
- Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү, кызыктуу окутуу ыкмаларын колдонуу;
- Окуучуларга жөндөмүнө жараша ар кандай деңгээлдеги тапшырмаларды тандоого мүмкүнчүлүк берүү;
- Окууда креативдүүлүктү жана жеке жетишкендиктерди баса белгилөө, бааны максат эмес, процесстин бир бөлүгү катары кабыл алуу;
- Окуучулардын күчтүү жактарын жана кызыгууларын эске алуу, бааларды коркутуу же жаза катары колдонбоо;
- Окуучулардын арасында терс, бузук атаандаштыкты жаратпоого аракет кылуу;
- Сабакты мүмкүн болушунча пайдалуу жана түшүнүктүү кылуу үчүн конструктивдүү пикир (обратная связь) стратегияларын колдонуу;
- Окуу материалынын татаалдыгын сабактын жана окуу жылынын жүрүшүндө акырындык менен жогорулатуу;
- Окуу материалын кызыктуу, тартуучу жана шыктандыруучу жолдор менен берүү;
- География сабагынын темасына туура келген реалдуу жашоодон алынган практикалык мисалдарды колдонуу, анын негизинде көйгөйлүү суроолорду коюп, окуучулар сабакта аларды өз алдынча чечишсин.

Окуучуларды өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана өз алдынча билим алууга мотивациялоо үчүн, алардын шыктануусуна жана ишенимине түрткү болгон, коопсуздук жана ыңгайлуулукту камсыздаган билим берүү чөйрөсүн түзүү зарыл. Мындай чөйрө ыңгайлуу, заманбап, мобилдүү, оңой өзгөрүлмө жана коопсуз болушу керек.

Географияны үйрөнүүдөгү мотивациянын көрүнүштөрү 7-таблицада берилет.

**7 -таблица. Географияны окутууда мотивациянын параметрлери**

| Фактор | Конкреттүү чаралар |
|---|---|
| Билимге кызыгуусу | Кыргызстандагы коруктар боюнча виртуалдык экскурсиялар, интерактивдүү карталарды, рельефтин 3D-моделдерин колдонуу |
| Практикага багыт алуу | Жергиликтүү экологиялык маселелерди изилдөө боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу, мектеп метеостанцияларын түзүү. |

| | |
|---|---|
| Заманбап технологиялар менен байланыш | ГИС технологиялары менен иштөө (мисалы: *QGIS, Google Earth*), рельефти сүрөткө тартуу үчүн дрондорду колдонуу. |
| Кесипке багыт берүү | Географтар, экологдор, туризм адистери менен жолугушууларды уюштуруу, ошондой эле олимпиадаларга жана конкурстарга катышуу. |

Коопсуз билим берүү чөйрөсү – бул география сабагынын жүрүшүндө окуучунун физикалык жана психологиялык ден соолугуна коркунуч жаратпаган шарттар түзүлгөн учур. Мындай шарттарда окуучулардын психологиялык жана физикалык коопсуздугу боюнча укуктары жана нормалары сакталат, ошондой эле ар бир баланын жеке өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүк түзүлөт (8-таблицада көрсөтүлгөн).

**8 -таблица. Коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн параметрлери**

| **Коопсуздук аспектилери** | **Талаптар жана сунуштар** |
|---|---|
| Физикалык коопсуздук | Кабинеттеги эмерек окуучулардын боюна ылайык болушу керек, биринчи жардам аптечкасы жана өрт өчүргүч болушу зарыл, талаа иштеринин алдында нускамалар өткөрүлүшү керек (айрыкча тоолуу аймактарда). |
| Психологиялык коопсуздук | Жынысына, тилине, мүмкүнчүлүгүнө карата дискриминацияга жол берилбеши керек, өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар окуучуларды колдоо керек, сабакта оюн элементтерин колдонуу сунушталат (квесттер, географиялык викториналар). |
| Маалыматтык коопсуздук | Болгону лицензияланган программаларды жана карталарды колдонуу зарыл, маалымат менен иштөөгө үйрөтүү керек (мисалы, онлайн-карталардын ишенимдүүлүгүн текшерүү). |
| Экологиялык коопсуздук | Кыргызстандын жаратылыштык коркунучтарын (жер титирөө, кар көчкү) изилдөө, коопсуз жашоо эрежелери боюнча практикалык сабактарды өткөрүү керек. |

**ТИРКЕМЕ**

**Окуучулардын 7-9- класстарды аяктагандан кийинки күтүлгөн жыйынтыктары**

| **Мазмундуу тилке/ предметтик компетенттүүлүк** | **Географиялык мейкиндик** | **Геомаданий ар түрдүүлүк** | **Заманбап дүйнөнүн туруктуу өнүгүүсү** |
|---|---|---|---|
| **Изилдөөчүлүк-таанып-билүүчүлүк компетенттүүлүк** | ***Билет:***<br>- Жер бетинде жүрүп жаткан процесстерди жана кубулуштарды талдай билүү жана анализ жыйынтыгын жалпылай алуу;<br>- Географиялык объекттерди, процесстерди жана кубулуштарды мүнөздөгөн пландар, логикалык схемалар жана структуралык моделдер түрүндөгү алгоритмдерди колдоно билүү;<br>- Географиялык түшүнүктөрдү жана аныктамаларды колдонуу менен өз оюн так жана тактиктуу айтууну билүү;<br>- Географиялык объекттердин жайгашкан ордун картада көрсөтө билүү ж.б. | ***Билет:***<br>- Жетишпеген маалыматты максаттуу түрдө издей билүү, өз алдынча маалыматтын үзүндүлөрүн салыштыра алуу, географиялык процесстерди жана кубулуштарды изилдөөдө толук талдоо жүргүзүү жана гипотеза коё билүү жөндөмүнө ээ болуу;<br>- Адамдын ар кандай чарбалык ишмердүүлүгүнүн жаратылышка тийгизген таасири жөнүндө өз алдынча презентация, баяндама же билдирүү түзө билүү. | ***Билет:***<br>- Жетишпеген маалыматты максаттуу түрдө издей билүү, өз алдынча маалыматтын үзүндүлөрүн салыштыра алуу, географиялык процесстерди жана кубулуштарды изилдөөдө толук талдоо жүргүзүү жана гипотеза коё билүү жөндөмүнө ээ болуу;<br>- Адамдын ар кандай чарбалык ишмердүүлүгүнүн жаратылышка тийгизген таасири жөнүндө өз алдынча презентация, баяндама же билдирүү түзө билүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Геоэкологиялык** | - дүйнөдө болуп жаткан кооптуу табигый кубулуштар тууралуу акыркы жаңылыктарды байкап туруу, аларды сын көз караш менен түшүнө билүү жана жаңылыктарда айтылган объекттерди картадан таба билүү; | - Адамдар, аймак жана жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы өз ара байланышты баалай билүү, дүйнөдө жана Кыргыз Республикасында пайда болушу мүмкүн болгон заманбап геоэкологиялык көйгөйлөрдү алдын ала божомолдой билүү;<br>- Айлана-чөйрөнү коргоонун маанисин жана жашоо үчүн зарылдыгын түшүндүрө билүү; | - Айлана-чөйрөнү коргоонун маанисин жана жашоо үчүн зарыл экенин түшүндүрө билүү; |
| **Геомаданий компетенттүүлүк** | - Жаратылыштын адамдын чарбалык ишмердүүлүгүнө, жашоосуна, салт-санаасына жана үрп-адатына тийгизген таасирин талдоодо ар түрдүү ишмердүүлүктү географиялык маалымат булактары менен айкалыштыра билүү; | - Элдердин маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрүн өз алдынча баалай билүү; Кыргыз Республикасындагы жана башка өлкөлөрдөгү адамдардын маданиятын, жашоо образын, турак жайын жана чарбалык ишмердүүлүгүн салыштыра билүү; | - Калктын туруктуу жашоо образын жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануунун абалын ар түрдүү аймактарда, анын ичинде Кыргызстанда, талдай билүү; |
| **Геомаалыматтык-санариптик компетенттүүлүк** | - Маалыматты жазуу же оозеки формада туура жана так бере билүү, объекттер менен кубулуштарды аныктоо боюнча көрсөтмөлөрдү так аткара билүү;<br>- Географиялык документтерди — карталар, диаграммалар, сүрөттөр, илимий, картографиялык жана статистикалык булактарды — талдай жана чечмелей билүү. | -Картографиялык, статистикалык жана тексттик маалыматтарды чогулта, иштеп чыга, сактай жана күнүмдүк практикалык ишмердүүлүктө колдоно билүү;<br>- ММК жана интернет булактарынан алынган маалыматтарды талдай билүү (чындыктан ойлоп табылганды ажырата билүү). | - Карта, географиялык жана статистикалык маалыматтар негизинде тиешелүү эсептөөлөрдү жүргүзө билүү, эсептөөлөрдүн жыйынтыктарын чагылдырган диаграммалар менен таблицаларды түзө билүү. |

**Окуучулардын 10-12 класстарды аяктагандан кийинки күтүлгөн жыйынтыктары**

| Мазмундуу тилке/ предметтик компетенттүүлүк | Географиялык мейкиндик | Геомаданий ар түрдүүлүк | Заманбап дүйнөнүн туруктуу өнүгүүсү |
|---|---|---|---|
| **Изилдөөчүлүк-таанып-билүүчүлүк компетенттүүлүк** | ***Билет:***<br>- Дүйнөнүн өлкөлөрүнүн жана региондорунун аймактык жана геосаясий параметрлер боюнча ордун түшүндүрө билүү;<br>- Түрдүү ишмердиктерде жаралган суроолорго фактиялык маалыматтарга негизделген, структураланган, ырааттуу жана жүйөөлүү жоопту иштеп чыгып, сунуштай билүү; | ***Билет:***<br>- Кыргыз Республикасынын, ошондой эле дүйнөнүн өлкөлөрү менен региондорунун социалдык жана экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча ордун жана өнүгүү келечегин аныктай билүү;<br>- Өзүнүн келечектеги кесиптик кызыгууларын дүйнөлүк чарбанын ар кандай тармактарындагы кесиптер менен салыштыра билүү; | ***Билет :***<br>- Туруктуу жашоо образын жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануунун абалын ар кандай аймактарда, анын ичинде Кыргыз Республикасында талдай билүү;<br>- Глобалдык көйгөйлөрдү талдоодо географиялык жана экологиялык ой жүгүртүүнү колдоно билүү;<br>- Эл аралык географиялык эмгек бөлүштүрүүнүн өнүгүшүндө, дүйнөлүк чарбанын тармактарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жайгашуусунда илимий-техникалык прогресстин ролун баалай билүү; |
| **Геоэкологиялык компетенттүүлүк** | - Кыргызстанда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө, региондорунда ресурстарды пайдалануу маселелерин, адам менен географиялык чөйрөнүн ортосундагы экологиялык өз ара аракеттерди талдай билүү; | - Өз өлкөсүндө жана дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрү менен региондорундагы жаратылыш чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдү экономикалык ишмердүүлүктүн, илим менен технологиянын өнүгүшүнүн таасири аркылуу баалай билүү; | - Дүйнөлүк жаратылыш ресурстарынын жайгашуусундагы мейкиндиктик айырмачылыктарды жана региондун же өлкөнүн (анын ичинде өз өлкөсүнүн) экономикасын өнүктүрүүдөгү жаратылыш-ресурстук потенциалдын маанисин түшүндүрө билүү; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Геомаданий компетенттүүлүк** | - Өз өлкөсүнүн жана башка өлкөлөрдүн геомаданий мейкиндигин түшүнүүнүн эл аралык байланыштарды түзүүдөгү маанисин түшүндүрө билүү;<br>- Кыргыз Республикасында жана дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө, региондорунда демографиялык жана миграциялык процесстердин коомдун руханий жана материалдык маданиятына тийгизген таасирин көрсөтө билүү; | - Демографиялык процесстер менен глобалдык коммуникациялардын өз өлкөсүнүн жана дүйнө өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүшүнө тийгизген таасирин талдай билүү;<br>- Тарыхый доорлордун жана заманбап саясий процесстердин дүйнөнүн саясий картасынын калыптанышына жана өлкөлөрдүн ар түрдүүлүгүнө тийгизген таасирин талдай билүү; | - Коомдун тең салмактуу өнүгүшүнө, анын жыргалчылыгын жакшыртууга, анын ичинде жыныстык теңсиздикти жоюуга жеке жана ар бир адамдын катышуу мүмкүнчүлүгүн, Туруктуу өнүгүү концепциясынын негизинде баалай билүү; |
| **Геомаалыматтык-санариптик компетенттүүлүк** | -Географиялык маалыматтарды чогултуу, каттоо, иштеп чыгуу, сунуштоо жана талдоо процессинде ар кандай булактарды жана маалымат типтерин баалай жана чечмелей билүү. | - Жаратылышта жана коомдо болуп жаткан ар кандай кубулуштардын моделдерин түзүү үчүн интернет-ресурстарды колдоно билүү. | - Чарбалык тармактардын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин талдоодо ар кандай маалымат булактарын колдоно билүү. |